УДК 14.43.47
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-525-530

**Рысбаев Т.**
Манастаануу кафедрасынын башчысы
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
arabaevakonferens@gmail.com

## ПАТРИОТТУК ЖАНА "МАНАС" ФЕНОМЕНДЕРИ АЗЫРКЫ ПАТРИОТТУК АҢ-СЕЗИМДИ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН БУЛАГЫ КАТАРЫ

**Аннотация**: Макалада патриотизм түшүнүгү, түрлөрү, максаттары философиялык-маданий багытта талданат жана «Манас» эпосунун мисалында мекенчилдиктин мааниси каралат. Автор "Манас" эпосун элдин азыркы дүйнө таанымын калыптандыруунун маанилүү булактарынын бири катары карайт. Эпостун мекен, эркиндик үчүн күрөш, адеп-ахлак принциптери сыяктуу концепциялары көптөгөн изилдөөлөрдүн объектиси болуп, ар дайым актуалдуу деп эсептелинет. Жыйынтыгында патриоттук көйгөйдү жогорку илимий деңгээлде изилдөө зарылдыгы белгиленди.

**Негизги сөздөр**: мекенчилдик, мекен, сүйүү, жоопкерчилик, салт, маданият, билим, жаштар, учур.

**Рысбаев Т.**
заведующий кафедрой Манасоведения
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
arabaevakonferens@gmail.com

## ФЕНОМЕНЫ ПАТРИОТИЗМА И «МАНАСА» КАК ИСТОЧНИКИ ФОРМИРОВАНИЯ СОВРЕМЕННОГО ПАТРИОТИЧЕСКОГО СОЗНАНИЯ

**Аннотация:** Польза патриотизма, ее виды и цели проанализированы на философско-культурологическом аспекте. На примере эпоса Манас было интерпретировано значение патриотизма. Автор рассматривает эпос «Манас» как один из важных источников формирования современного мировоззрения народа. Такие понятия эпоса как родина, борьба за свободу и нравственные принципы являются объектами многих исследований и считаются актуальными во все времена. В итоге была отмечена надобность исследования проблемы патриотизма на научном уровне.

**Ключевые слова:** патриотизм, родина, любовь, ответственность, традиция, культура, воспитание, молодежь, современность.

.

**Rysbaev T.**
Head of the Department of Manas Studies
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
arabaevakonferens@gmail.com

# PHENOMENA OF PATRIOTISM AND "MANAS" AS SOURCES OF FORMATION OF MODERN PATRIOTIC CONSCIOUSNESS

**Abstract:** The benefits of patriotism, its types and goals are analyzed in the philosophical and cultural aspect. Using the example of the Manas epic, the meaning of patriotism was interpreted. The author considers the Manas epic as one of the important sources of formation of the modern worldview of the people. Such concepts of the epic as homeland, struggle for freedom and moral principles are the objects of many studies and are considered relevant at all times. As a result, the need for research into the problem of patriotism at the scientific level was noted.

**Key words:** patriotism, homeland, love, responsibility, tradition, culture, education, hero, modernity.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын келечегин ойлогон жана ал үчүн инртеллектуалдык мейкиндикте күрөшө алган, ар-намыстуу инсандарды тарбиялоо маселеси өтө курч абалда турат. Жаштар, жаш жеткинчектер азыр интернеттен анимэ, компьютердик оюндарды эле билбестен, алар аркылуу да акыл-эсин бийик деңгээлге көтөрүүгө тийиш. Ошол бийик деңгээлде туруп, дүйнөдөгү өз ордун таап, руханий-интеллектуалдык бийик деңгээли бар инсан катары калыптанышы зарыл. Күнүмдүк турмушка, түркөйлүкө байланган жашоо гана болуп, же руханий эс-тутумдан жок, же көңүлгө жук болгон кыргыз маданиятынын көрөңгүсүнөн кабары жок болуп, жадакалса бүткүл улуттук патриотизмин төмөндөтүп, улуттук дөөлөттөрдү жоюуга алып келери байкалат. Мекенчилдикти кээ бир жерлерде улутчулдук тар түшүнүкө айлантып алышып, ага доо кетерип, коомдук аң-сезимдеги кайдыгерлик, өзүмчүлдүк жана агрессивдүүлүк багыттарды жайылтууга алып келип жаткандар жок эмес. Аскердик жана мамлекеттик кызматтын-баркы төмөндөп, жаштардын көбү элдин, мамлекеттин коопсуздугу эмне экендигин билбегендиги жалган эмес.

Мамлекеттин жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу жана мамлекеттин чындап өнүгүшү үчүн кылымдарды карыткан, ыйык туткан элдик руханий-адептик дөөлөттөргө басым коюу зарыл экендиги талашсыз. Тарбия, тарых, патриотизм жана атуулдук өз ара байланыштагы тутумдаш түшүнүктөр. Бирок, мындай түшүнүктөрдү бириктирип, мекенчилдиктин, нукура кыргыз жаранынын концепцияларын иштеп чыгуу үчүн негиз болуусу керек. Андай негиз, улуу ой, жаш муунду мекенчил кылып тарбиялоочу феномен бул "Манас" эпосу болуп саналат. «Манас» эпосун “миф”, “жомок” деген тайыз түшүнүктөрдөн чыгып, анын калктын улуу тарыхы, руханий мурасы экендигин түшүнүп, чыныгы илимий изилдөө жүргүзө турган учур келди. Бекеринен өз доорунун абдан билимдүү адамы, атактуу тарыхчы, археолог, окумуштуу А.Н.Бернштам «Манас» эпосун “көркөм чыгармачылыктын туу чокусу, эстелиги катары гана саналбастан, ошондой эле, ал кыргыз урууларынын көз карандысыздык үчүн күрөшүн баяндаган кайталангыс тарыхый повесть да болуп эсептелет”, деп жазган эмес [1, 56.].

"Манас" эпосундагы Манастын образы кыргыз элинин улуу руханий мурасы катары патриоттук духту калыптандырууда жана жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо зор мааниге ээ. Бул чыгарма кыргыз элинин эркиндиги жана мекенин коргоо үчүн болгон күрөшүн чагылдырып, мамлекеттин жана элдин келечеги үчүн патриоттуулук духун күчөтөт. Ошондой эле улуу эпос жаштарды билимдүү, намыскөй жана мекенчил инсандар кылып тарбиялоого багыт берет. Белгилүү окумуштуу В.В. Радлов да кыргыздардын өздөрүнүн

үмүт-тилектерин жана келечекке болгон умтулууларын "Манас" эпосу аркылуу терең баяндай турганын белгилеген [2, 688 б.].

"Манас" эпосу кыргыздардын эл катары сакталып калуу үчүн болгон күрөшүн жана мекенчилдик рухун чагылдырган улуу чыгарма. Эпос ааламдык, адамзаттык мүнөздөгү идеяларды камтыйт. Кыргыз элинин маданиятына баам салган илим жана искусство өкүлдөрү "Манас", эне тили, азаттык жана ар-намыс идеяларын туу туткан феномен экендигин белгилешет.

Ч. Айтматовдун “"Манас" улуттук аң-сезимде эне сүтүнө барабар экенин жана "Манасты" билбеген адам өз элин билбегендиги экенин” белгилегендиги анын кыргыз маданиятын терең түшүнгөнүнөн жана эне тилинин кадырын бийик койгондугунан кабар берет. Чыңгыз Айтматов: “Эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл “кан тамырын” аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы

максаттарга умтултуп, адам чаалыгып, чарчап баратканда ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан-аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. “Манас” эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алышы да, дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу” [2, 227 б.].

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишкенден тартып, социалдык жана маданий баалуулуктары, идеялары жана өнүгүү багыттары бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Советтик салттардан алыстоонун натыйжасында кээ бир жоготуулар да орун алды, алардын бири – мекенчилдик сезимдеринин солгундашы. Мекенчилдикти калыптандыруунун негизги институту билим жана тарбия берүү мекемелери болуп саналат. Биздин окуу жай да дал ушул багытта иш алып баруучу мекеме катары маанилүү роль ойнойт. Учурда жаштар арасында мекенчилдик сезимдерин жандандыруу зарылдыгы күчөп турат, андыктан бул теманы илимий жактан талдоо жана коомчулукка сунуштоонун убагы келди деп эсептейм.

Мекенчилдик сезимдерин жоготууга жол бербестен, тескерисинче, аларды жогорулатып, өстүрүү бүгүнкү күндүн эң негизги милдеттеринин бири экенин түшүнүп жатабыз. Мекенчилдик темасын илимий талдоо азыркы учурда өзгөчө актуалдуу маселе деп айтууга толук негиз бар. Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо, аларды татыктуу инсан, кыргызытсандын жараны катары калыптандыруу Мекенчилдик түшүнүгүн жана анын маанисин толук ачып берүү келечек муундарга так жеткирүү маанилүү деп эсептейм. Мекенчилдикке тарбиялоо боюнча иш алып барган окумуштуулар мекенчилдик сезимдерин өнүктүрүү, жарандык жоопкерчиликти арттыруу сыяктуу аспектилерге көңүл бурушкан. Алардын пикирине ылайык, мекенчил болуу – бул өз мекенин жөн гана сүйүү эмес, анын тагдырына жогорку жарандык жоопкерчиликти сезүү менен байланышкан аң-сезимдүү мамиле.

Интернационализм түшүнүгү, башка элдерге болгон сый-урмат да мекенчилдиктин бир белгиси болуп саналат. Мекенчилдик – бул Ата Мекенди сүйүү, анын кызыкчылыктары үчүн кызмат кылуу жана өлкөнүн келечектеги өнүгүүсү үчүн оптимисттик көз караште болуу. Ошондой эле, мекенчилдик үй-бүлөнүн, элдин жана мамлекеттин алдындагы жоопкерчиликти камтыйт [2, 227 б.].

Жогоруда айтылгандай, кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, анын ичинде "Манас" эпосун өзгөчө баса белгилеп кетүү зарыл. "Манас" эпосу кыргыздардын эркиндикти

сүйгөн духун жана аскердик мекенчил сезимдерин өзгөчө чагылдырып, жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоодо маанилүү булак катары колдонулат. "Манас" эпосунун жаш муундарды мекенчилдикке шыктандыруудагы ролу өтө чоң экени көрүнүп турат.

Демек, мекенчилдикти жогорку деңгээлде өнүктүрүү жана келечек муундарга туура багыт көрсөтүү бүгүнкү күндүн эң маанилүү маселелеринин бири болуп саналат.

Кыргыз элинин алдыңкы жазуучу, илимпоздору "Манас" аркылуу өзүн өзү таанып, жаңы муунду патриоттуулукка тарбиялоодо элдин эң мыкты касиеттерине ээ болгон инсандардын иш-аракети маанилүү экенин билдирди. "Манас" элдин кылымдар бою уланып келген тарыхынын жандуу күбөсү жана таалим-тарбиябызга даанышмандыгынын руханий кенчи экендиги талашсыз.

Кыргызстанда "Биз Кыргызстандыктар" деген патриоттук идея, бир жамааттын гана эмес, өлкөбүздө жашаган бардык улуттардын өкүлдөрүнүн биримдигинен гана жаралат. Мамлекеттик түзүлүш стабилдүү болбосо, анын биримдиги жоголору шексиз. "Манас" эпосундагы биримдик идеясы, ар бир атуулдун жүрөгүндө жашаса, улуттар аралык диалогду өнүктүрүүдө өтө маанилүү.

Учурда маданиятты жана маданий потенциалды өнүктүрүү көптөгөн элдер жана мамлекеттер үчүн негизги артыкчылыктардын бири болуп саналат. Маданиятты өнүктүрүүдөгү жетишкендиктер маданий мекемелердин ишмердүүлүгү же белгилүү инсандардын эмгеги менен гана чектелбейт. Маданият бүгүнкү күндө улуттук биримдикти бекемдөө жана өлкөнүн дүйнөлүк коомчулукка интеграцияланышы үчүн кубаттуу күч катары каралат. Бул процессте “Манас” сыяктуу улуттук жана маданий тамырлар, тарыхый тажрыйба жана салт-санаалар өзгөчө орунду ээлейт. Маданий жана руханий кайра жаралуу, улуттук жана дүйнөлүк маданий мурастарды сактоо жана байытуу ишмердүүлүгү көптөгөн мамлекеттердин өнүгүү концепцияларынан орун алган. Кыргыз элинин баа жеткис руханий мурасы болгон "Манас" эпосунун үчилтигин ("Манас", "Семетей", "Сейтек") ар тараптан изилдөө жана популярдаштыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштерди улуттук идеологияны чыңдоо жана кыргыз элинин бай маданий мурасын сактоо аракеттеринин маанилүү бөлүгү катары карасак жаңылбайбыз [4]. Андыктан "Манас" эпосуна негизделген жаңыланган улуттук руханий маданиятты жана улуттук аң-сезимди калыптандыруу терең илимий изилдөөлөрдү талап кылат.

Эпосто кыргыз элинин жана анын коңшулар менен болгон тарыхы, нарк-насили, баалуулуктары жана терең философиясы камтылган. Бул чыгарма жөн гана руханий казына эмес, кыргыз элинин энциклопедиясы катары бааланып, анын ичинде улуттук идеологиянын негиздери да чагылдырылган.

Руханий маданияттын ролун түшүнүүгө заманбап мамиле социалдык жана маданий чөйрөлөрдү жаңылоо зарылдыгын жаратат. "Манас" эпосунун руханий маңызына таянган кайра жаралуу саясаты экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюмдарынын алдынкы тажрыйбалары менен айкалышып жүргүзүлүшү керек. Мындай шартта материалдык эмес маданий мурас экономикалык ресурстардын бири катары каралат жана маданий интеллектуалдык инвестициялар үчүн жагымдуу чөйрө түзүлөт. Бул киноиндустрия, театр, музей, архитектура жана башка искусство түрлөрүн экономикалык жактан кирешелүү деңгээлге чыгууга шарт түзөт.

"Манас" эпосу кыргыздардын жашоосу жана руханий дүйнөсүн камтыган уникалдуу баалуулук болуп саналат. Ал мекенчилдик, ата журтка болгон сүйүү жана жоопкерчиликтүү

мамиле сыяктуу түшүнүктөрдү терең чагылдырып, ар бир муун үчүн руханий багыт көрсөтөт. Мекенчилдик темасы эпосто өзгөчө орунду ээлеп, кыргыз жери жана Ата Мекенди коргоо түшүнүктөрү аркылуу берилет. "Манас" эпосунун мазмунундагы мекенчилдик темасы ар бир доордо актуалдуулугун жоготпой, кыргыз элинин негизги баалуулуктарынан бири катары сакталып келет. "Манас" эпосу илимий изилдөөлөрдүн кенчи жана анын руханий, маданий маңызын жайылтуу аркылуу түптөлө турган улуттук жарандык идеологияны бекемдөөнүн, терендигинин ачкычы болуп саналат. Ансыз кыргыз элинин маданий мурастарын сактоо жана өнүктүрүү мүмкүн эмес. “Манастын” жаш муундарга дем берүүчү, мекенчилдикке тарбиялоочу образ катары да мааниси зор. Манасты билүү аркылуу гана мекенчилдиктин терең маанисин ачып берүү мүмкүн.

"Манас" эпосунан мекенчилдикке тиешелүү белгилерди иргеп алууга болот. “Манас” эпосундагы эр Манас, кыргыз элинин мекенчил баатырынын образы катары, акыл-айласы менен терендиги, кайратуулугу, адамгерчилиги, адилетүүлүгү, айкөлдүгү менен айырмаланат. Манасты, кыргыз элинин тарыхын изилдегенде, анда мекенчилдик руху турат. Кыргыздар үчүн мекен темасы жогорку орунда турат. "Манас" эпосу кыргыз элинин тарыхын, салт-санааларын, үрп-адаттарын, маданиятын, жашоо жолун жана терең акылын чагылдырат.

Манас, кыргыз элинин патриоту, өз элинин эркиндигине, көз каранды эместике күрөш аркылуу гана жетишкендиги менен белгиленет. Бул концепция "Манас" эпосунда, ошондой эле кийинки муундарда, Семетей, Сейтек, Каныкей, Бакай, Чубак, Сыргак, Айчүрөк, Күлчоро сыяктуу башка каармандардын жашоосунда, күрөшүндө да байкалат. Аларга мекенчил инсандар катары, өз тагдыры үчүн күрөшүү, ата-балардын, энелердин жолун улоо, менкди, элди сүйүү, каармандык, кайраттулук, зор касиет мүнөздүү.  Алардын эрдик жана баатырдык иштери, майтарылбас эрки, кайраттуулук, кужүрмөндүк, өткүрлүк жана көсөмдүк мүнөздөрү, элдин кызыкчылыгы, адилетүүлүк, бир туугандык – ынтымак үчүн күрөшү жалпы элдин келечегинин өбөлгөсү болгону чындык.

"Манас" эпосу, элдин үмүт-тилегин, мүдөөсүн жана максатын өзүнө алып жүргөн башкы каарман - Манас аркылуу, “үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап,” бытырап тарап бараткан элдин башын бириктирүү аракетинде "Мекен" темасын жогорку чекке көтөрөт. Манастын мекенчилдиги, элди тышкы жана ички душмандардан коргоп, баскынчыларга каршы күрөшкө баш коштуруудагы лидерлик орду белгиленет. Манас бытырап тарап бараткан элдин башын бириктирип, Ата Мекенин коргоо жана баскынчыларга каршы күрөшүүдө мекенчилдигин ачык көрсөтөт. Ал элди ички жана тышкы душмандардан сактап, улуттук биримдикти камсыз кылуу максатында күрөшөт.

Эпосто бул теманын терең изи бар. Бул тема доор алмашкан сайын актуалдуулугун жоготпой келет. Мекенчил инсандар жана эл башчылары өз доорунда да, азыркы мезгилде да элдин кыялын жана максатын ишке ашырууга багытталган, патриоттук сезимдерге негизделген инсандар катары маанилүү рол ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, "Манас" эпосундагы Манастын образы кыргыз элинин улуу руханий мурасы катары патриоттук духту калыптандырууда жана жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо зор мааниге ээ. Бул чыгарма кыргыз элинин эркиндиги жана мекенин коргоо үчүн болгон күрөшүн чагылдырып, мамлекеттин жана элдин келечеги үчүн патриоттуулук духун күчөтөт. Ошондой эле улуу эпос жаштарды билимдүү, намыскөй жана мекенчил инсандар кылып тарбиялоого багыт берет. "Манас" эпосу мекенчилдик рухту чагылдырган улуу чыгарма. Эпос океандай кең, терең идеяларды камтыйт жана аны толук түшүндүрүү

үчүн жогорку деңгээлдеги илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү учурдун зарыл талабы болуп турган кез.

**Адабияттар:**


1. А.Н. Бернштам. Эпоха возникновения великого киргизского героического эпоса «Манас». Фрунзе 1946, – С. 5.
2. Радлов В.В. Краткий отчет о поездке в Семиреченскую область и на Иссык-Куль летом 1869 г. // Изв. рус. импер. геогр. общ. – Т. 6. – М., 1870. – 688 с.
3. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. 8-том. – Б.: Бийиктик, 2008.
4. Кыргыз элинин баа жеткис руханий мурасы - "Манас" эпосунун үчилтигин ("Манас", "Семетей", "Сейтек" эпосторун) ар тараптан изилдөө жана популярдаштыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы. https://cbd.minjust.gov.kg/5-10088/edition/1241749/kg


**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессордун м.а. Эгембердиева А.А.**